Кырг
83.8
Р 95

Сулайман Рысбаев


# КИТЕП ОКУГАН ШАМАЛ



Кырг
83.8
Р95

Сулайман Рысбаев

# КИТЕП ОКУГАН ШАМАЛ



*Сүрөтчү*
Ильяз Абдыжапаров

Бишкек 2023

УДК 821.51-93
ББК 83.84
Р 95

Р 95 Сулайман Рысбаев
**«Китеп окуган шамал»** / сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров.
- Б.: «Имак Офсет», 2023. 12 б.

ISBN 978-9967-33-239-3

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган. Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

CC BY

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

ISBN 978-9967-33-239-3
УДК 821.51-93
ББК 83.84

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36193 б/р

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК



Жайкы каникул мезгили эле. Данияр бөлмөсүндө телевизор көрүп отурган. Көрүп жаткан фильм бүттү. Анан кыйлага телефонун чукулады.

Ошол кезде атасынын бир сөзү эсине түшө калды. Атасы дайыма: «Уулум, сен убактыңды бош өткөрүп жаман көнбө. Бир күндө бир пайдалуу иш жасап үйрөн» – деп айтат.





Мугалим эжейи дагы каникулга чыгарда ушинтип айткан. ДанИярда жакшы ой пайда боло калды: «Демек, мен убактымды сөзсүз пайдалуу нерсеге жумшашым керек».



Текчеде атасы менен китеп дүкөнүнө барып сатып алган сүрөттүү жомок китеби турат. Анын сүрөттөрүн канча ирет карап чыкты дейсиң. Канча караса да, түк тажабайт.

Данияр текчеден ошол китепти алып, чарпаяга жөнөдү.

Ошентип, жомок китепти кызыгып окуй баштады... Окуп жатып кантип уйкуга киргенин байкабай калды...



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 361930

Аңгыча апасы Даниярдын уктап жатканын көрдү. Тим койду, «китеп окуп чарчады го...» деп ойлоду.

Бир кезде тентек шамал ичиркентип, Данияр көзүн ачты. Уктап калганын ал ойгонгондо билди. Көздөрүн ушалап, жерде жаткан китебин көрдү. Китеп барактары аягына чейин ачылып жанында жатыптыр.

– Апа, – деди Данияр жылмайып, – мен уктап калсам китебимди шамал окуп бүтүп коюптур... Карасаң, мен жаңы эле баштаган болчумун...

Апасы уулунун бул тамашасын туура түшүндү. Уулуна ал дагы тамашалай:

– Сенин жалкоолугуңду көрүп, сен окубасаң мен окуюн деп, кызыктуу китепти эстүү шамал өзү эле окуп койгон турбайбы, – деди.

Апасынын бул жообу аны уялтып койду. Данияр китепти колуна алды да, улантып окуп кирди.

РБДЮ
36193 б/ф

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт

*Автор*
Сулайман Рысбаев

*Сүрөтчү*
Айсулуу Алиева

*Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот*

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли